**«БЕКИТЕМИН»**
**С. Нааматов атындагы Нарын**
**мамлекеттик университетинин ректору,**
**экон.и.д., профессор**
**_______________ Д. К. Омуралиева**
**2018-жылдын 26-октябры**

**С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын отурумунун № 2-протоколу**

**Катышкандар:**

1. Койчуманова Н.-филолог.и.док.(10.01.01), проф.;
2. Жаңыбаева М.А.-филолог.и.к.(10.01.01).;
3. Бокешова М.Т.-филолог.и.к.(10.01.01).;
4. Жантаев А.С.-филолог.и.к.(10.01.01),проф.м.а.;
5. Чоробаева.Н.А.-филолог.и.к.(10.02.20), проф.м.а.; НМУнун илимий иштери боюнча проректору.
6. Чолпонбаев А.К.-филолог.и.к.(10.02.01), доценттин м.а.; НМУнун окуу иштери боюнча проректору.
7. Сатылган кызы Гүлнура.-филолог.и.к (10.01.01), доценттин м.а;
8. Аман кызы Бакытгүл.-пед.и.к (13.00.02),доцент;
9. Өмүрканов Т.А.-филолог.и.к (10.02.01), НМУнун тарбия иштери боюнча проректору;
10. Бийгелдиева Н.А.-пед.и.к., (31.00.02),доцент;
11. Үсөналиева Г.С. -Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын ага окутуучусу;
12. Аскар уулу Таалай – Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын ага окутуучусу;
13. Мукашова А.С- Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын окутуучусу;
14. Токтомаметова Ж.А.- Тилдер кафедрасынын окутуучусу;
15. Керимкулова Э.М- Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын лаборанты.

**Күн тартибиндеги маселе:**

**1**. С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын окутуучусу Ысакбаева Зинат Турдубековнанын «Ч.Айтматовдун романдарындагы көркөм аксиология» аттуу 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасын талкуулоо.

**Угулду:** Урматтуу бүгүнкү отурумдун катышуучулары! Кафедранын окутуучусу З.Т.Ысакбаеванын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча

филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Ч.Айтматовдун романдарындагы көркөм аксиология» аттуу диссертациялык ишин талкуулоону ачык деп жарыялаймын.

З.Т.Ысакбаева жогорку билимдүү филолог-окутуучу. Анын диссертациялык ишинин илимий жетекчиси болуп ф.и.к., профессордун милдетин аткаруучу Жантаев Адилбек Сүйүндүкович 2013-жылы 3-апрелинде Нарын мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин №29/4 протоколу менен бекитилген. Бүгүн талкууга коюлуп жаткан диссертациянын кол жазмасына Экономика жана финансы институтунун 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча ф.и.д. Койчуманова Н, Ж.Баласагын атындагы КУУнун 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча ф.и.к. Жаныбаева, М.А. Ж.Баласагын атындагы КУУнун 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча ф.и.к. Бокешова М.Т рецензияларын беришкен. Ошондой эле изденүүчүнүн ишине илимий жетекчи катары ф.и.к., проф.м.а Жантаев А.С өз пикирин берген. Анда эмесе диссертациялык изилдөөсүнүн мазмуну боюнча баяндама жасоо үчүн изденүүчү Ысакбаева Зинат Турдубековнага сөз берели. Баяндама үчүн 12-15 мүнөт убакыт берилет.

**З.Т.Ысакбаева:** Саламатсыздарбы урматтуу төрайым, отурумдун катышуучулары. Бүгүнкү талкууга келип катышып бергениңиздер үчүн бардыгыңыздарга терең ыраазычылыгымды билдирем.

Диссертациянын сунушталган темасында түрү да, масштабы да башка маданий феномендер – аксиология жана залкар сүрөткерибиз Чыңгыз Айтматовдун романдары жуурулушкан. Биринчиси эң башынан эле философиялык билимдер аймагына таандык болгон, аз убактан бери гана көркөм өнөргө карата конкреттүү чыгармаларды чечмелөөнүн бөтөнчө аспектиси ролунда колдонулуп келатат. Экинчиси болсо эбактан бери эле (романдар жарыялангандан тартып) адабиятчылардын, сынчылардын, дегеле жалпыокурмандардын көңүлүн буруп келет. Чынында да кыргыздын залкар жазуучусунун романдары – «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», «Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда» – адабий коомчулукта чоң ийгиликке ээ болуп, кызуу талаш-тартыш жаратып, татыктуу баасын алышкан.

Чыңгыз Айтматовдун романдары – «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», “Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда» – ар бири өз алдынча көркөмдүк баалуулукка ээ чыгармалар. Бул чыгармалар бизге чейин деле адабият таанууда ар тараптуу талданып келген, келечекте да анын изилдөө объектиси боло берет. Анткени аларда жалпы адамзаттык дөөлөттөр – **Өмүр менен Өлүм, Сүйүү менен Жек көрүү, Сулуулук менен Серттик, Жакшылык менен Жамандык, Акыйкаттык менен Жалганчылык, Ак менен Кара** – деги эле көптөгөн аксиологиялык категориялар алдыңкы орунга чыгат. Бул чыгармаларга арналган изилдөөлөрдүн, публикациялардын дээрлик көбүндө түз көрсөтүлбөсө да, жазуучунун, бир жагынан, жекече жан

дүйнө кыймылдарынын, башка жагынан – курчап турган дүйнө менен адамзаттык мамилелердин аксиологиялык мазмундуулугуна ориентациясы баамдалат. Албетте, бул жерде бир эске алуучу жагдай бар. Ал – жазуучунун көркөм чыгармачылыкка карата өз көз караштарын дайыма өнүктүрүп, өркүндөтүп туруусу. Мисалга, советтик доордогу чыгармалары менен постсоветтик мезгилдеги романдарынын ортосунда бир кыйла мазмундук, идеялык айырма бар. Анткен менен аларды бириктирген нерсе – ошол романдардын аксиологиялык мазмундуулугу. Биз ошол себептен Ч.Айтматовдун романдарын изилдөөдө алга карай жылууга аксиологиялык мамиле көмөктөшөт деп ойлойбуз.

Жогоруда айтылган жүйөлөр диссертациялык изилдөөнүн параметрлерин төмөнкүчө аныктоого жол берет.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**, биринчиден, дүйнөлүк адабият таанууда түзүлгөн кырдаал менен шартталган, ал боюнча аксиологиялык мамиле жалпысынан өзүнүн жемиштүүлүгүн көрсөттү. Экинчиден, Айтматов тууралуу илимде, Айтматов таанууда акыркы он жылдыктарда көптөгөн ачылыштар жасалды. Бирок изилдөөчүлөр анын романдарындагы көркөм аксиологияга тутумдуу жана комплекстүү кайрылган учур боло элек. Анын үстүнө, бардык окумуштуулар бул романдардын жалпы адамзаттык мазмунга ээ экендигин таанышат. Демек, аларда аксиологиялык мазмун сөзсүз бар. Айтматовдун романдарынын мазмундуулугу жана көркөмдүк бөтөнчөлүгү тууралуу мурдатан түзүлгөн пикирлерди филология илиминин заманбап абалына ылайык келтирүү муктаждыгы бышып жетилди.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелер жүргүзүп жатышкан ири илимий программалар, негизги илимий-изилдөөчүлүк иштер менен байланышы.** Аталган изилдөө С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин илимий-изилдөөчүлүк планы менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты** – Чыңгыз Айтматовдун романдарынын аксиологиялык мазмундуулугун ачуу жана ошол чыгармалардын автордук концепциясы тууралуу орун алган илимий пикирлерге тийиштүү түзөтүүлөрдү киргизүү.

**Изилдөөнүн милдеттери** диссертацияда алдыга коюлган максат менен шартталган да, төмөнкүлөрдөн турат:

- Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын адабият таанууда жана танапташ илимдерде изилденүү абалына сереп жасоо;
- Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын дөөлөттүк өңүттө изилдөө кыргыз адабият таануусунун келечектүү багыты боло аларын негиздөө;
- Калемгердин романдарын дөөлөттүк изилдөөнүн объектиси менен предметин баяндоо;

- Сүрөткердин романдарын дөөлөттүк изилдөөнүн методологиясын сыпаттоо;
- Жазуучунун романдарынын көркөмдүк-аксиологиялык мазмунун, терең дөөлөттүк табиятын ачуу;
- Ар бир романдын борбордук кейипкерлеринин дөөлөттүк өнүгүү динамикасын талдоо;
- Романдарды дөөлөттүк изилдөөнүн илимий-теориялык негиздерин талдоонун натыйжаларын баяндоо;
- Романдарды дөөлөттүк изилдөөнүн объектисин, предметин жана методологиясын илимий иликтөөнүн натыйжаларын баяндоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Иштин жаңычылдыгы методологиялык өңүттөн алганда анда алгач ирет аксиологиялык мамиле Чыңгыз Айтматовдун романдарынын материалында апробацияланып жатканы менен шартталат. Тарыхый-адабий өңүттө бул романдардагы борбордук каармандардын дөөлөттүк мүнөздөмөсүнүн бөтөнчөлүгүн, чыгарманын автордук концепциясынын дөөлөттүк мазмунун жаңыча түшүнүүгө жол берет.

**Алынган натыйжалардын теориялык жана практикалык маанилүүлүгү.** Бул диссертациянын илимий тыянактары, табылгалары жалпы эле кыргыз профессионал адабиятынын залкар өкүлдөрүнүн чыгармачылыктарын, алар жараткан көркөм-адабий туундуларды дөөлөттүк өңүттө иликтөө проблемалары боюнча мындан кийин жүргүзүлүүчү изилдөөлөргө теориялык көмөк, багыт болуп бере алат. Ошондой эле ЖОЖдордо Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгын, романдарын окутуп-үйрөтүүдө колдонулат. Мындан сырткары, кыргыз профессионал жазма адабияты боюнча окуу-усулдук куралдарды, көрсөтмөлөрдү, колдонмолорду түзүүдө пайдаланылат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор**:
- Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы адабият таанууда жетишерлик деңгээлде ар тараптуу изилденген, бирок дөөлөттүк өңүттө тутумдуужана комплекстүү изилдөө объектисине алына элек;
- Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын дөөлөттүк өңүттө изилдөө кыргыз адабият таануусунун келечектүү багыты болуп бере алат, анткени залкар сүрөткердин чыгармаларында – аңгемелеринде, повесттеринде, романдарында, драмаларында, макала-маектеринде чоң аксиологиялык дарамет, мазмун камтылып турат;
- Калемгердин романдары толук өлчөмдө дөөлөттүк изилдөөнүн объектиси менен предмети болуп бере алат, себеби аларда адам турмушундагы маанилүү дөөлөттөр камтылып, алардын жашоодогу ролу ачылган;

- Улуу жазуучунун романдарын дөөлөттүк изилдөө үчүн азыркы адабият таануудагы аксиологиялык методологиянын жол-жоболоруна таянуу зарыл;
- Изилдөөгө алынган романдар көркөмдүк-аксиологиялык мазмунга, дөөлөттүк табияткаээ, себеби аларда адам турмушунун баалуулуктук аспектилери терең ачылган;
- Романдардын борбордук кейипкерлери өз турмуш жолунда дөөлөттүк эволюцияны баштан кечиришет жана курч катарсис кырдаалына кабылышат, бул жагдай алардын дөөлөттүк өнүгүү динамикасын таасын ачат;
- Романдарды дөөлөттүк өңүттө изилдөө үчүн жетиштүү теориялык-методологиялык негиздер бар, изилдөөнүн объектиси, предмети жана методологиясы толук өлчөмдө аксиологиялык параметрлерге негизделет.

**Изденүүчүнүн жекече салымы.** Темага тиешелүү илимий-теориялык, фактылык маалыматтарды талдоо, жуурулуштуруу аркылуу жетишилген илимий тыянактар изденүүчүнүн жекече салымы болуп саналат.

**Диссертациянын натыйжаларынын апробациясы**. Бир катар республикалык жана эл аралык илимий-теориялык, илимий-практикалык конференцияларда изилдөөнүн негизги мазмуну боюнча конкреттүү баяндамалар жасалган:

- «Азыркы коомдун актуалдуу маселелери: экономика, саясат, илим жана билим берүү», эл аралык илимий-практикалык конференция, Кыргыз Республикасы, Нарын шаары, 2013. Тема – «Ч. Айтматовдун романдарындагы көркөм аксиология»;
- «Ааламдашуунун шарттарында Кыргызстандын региондорун туруктуу өнүктүрүү», эл аралык илимий-практикалык конференция, Кыргыз Республикасы, Нарын шаары, 2014. Тема – «Жакшылык Ч. Айтматовдун романдарында»;
- «Азыркы кыргыз филологиясындагы маселелер», илимий-практикалык конференция. Кыргыз Республикасы, Каракол шаары, 2015. – Темалар – «Акыйкаттык Ч. Айтматовдун романдарында»; «Сулуулук Ч. Айтматовдун романдарында»;
- «Проблемы лингвистики, методики обучения иностранным языкам и литературоведения в свете межкультурной коммуникации», I Международная научно-практическая Интернет-конференция, Российская Федерация, г. Орел, 2016. Тема – «Ценностный мир персонажей романа «Тавро Кассандры»;
- «Билим берүү, тарых жана маданият – өлкөнүн өнүгүүсүнө өбөлгө», эл аралык илимий-практикалык конференция, Кыргыз Республикасы, Нарын шаары, 2016. Тема – «Тоолор кулаганда» романы: адам баалуулуктарынын конфликти жана баалуулуктук талдоо».

• Российская наука и образование сегодня: проблемы иперспективы», Интернет-журнал, 2018. Тема - «Семья как ценность в романах Чингиза Айтматова»;

• Российская наука и образование сегодня: проблемы и перспективы», Интернет-журнал, 2018. Тема - «Труд как ценность в романах Чингиза Айтматова»;

Ошондой эле РИНЦ (Российский индекс научного цитирования) тутумуна кирүүчү «Российская наука и образование сегодня: проблемы иперспективы» илимий-методикалык журналына 2018-жылдын сентябрь айларында бардыгы 2(эки) илимий макала жарык көргөн.

**Диссертациянын натыйжаларынын публикацияларда чагылтылуу толуктугу.** Изилдөөнүн негизги жоболору 11 (он бир) публикацияда ачылып берилген. Тема боюнча жарык көргөн эмгектердин жалпы көлөмү 5-6 басма табакты түзөт.

**Диссертациянын түзүмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, жети параграфтан, баптар боюнча кыскача корутундулардан, жалпы корутундудан, практикалык сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Иштин негизги бөлүгүнүн көлөмү – 158 (жүз элүү сегиз) бетти, адабияттардын тизмеси менен тиркемелер кошулгандагы жалпы көлөмү – 187 (жүз сексен жети) бетти түзөт.

**Биринчи бап «Чыңгыз Айтматовдун романдарын дөөлөттүк өңүттө изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери”** деп аталып, эки параграфтан куралган. Бул бапта негизинен биз иликтөөгө алган проблемага тиешеси бар адабияттарга, илимий булактарга кыскача сереп жасайбыз.

Биз **биринчи параграфта** Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгынын адабият таануу жана башка илимдерде изилденүүсүнө көнүл бурдук.

Ал эми **экинчи параграфта** Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгын дөөлөттүк аспектте изилдөө кыргыз адабият таануусунун келечектүү багыты катары жана көркөм дөөлөт түшүнүктөрүнүн илимий-теориялык негиздерин ачтык.

**Диссертациялык изилдөөнүн экинчи бабы «Чыңгыз Айтматовдун романдарын дөөлөттүк изилдөөнүн объектиси, предмети жана методологиясы »** деп аталып, бул жерде аталышта белгиленген маселелерге токтолдук.

**Биринчи параграфта** диссертациянын **негизги объектисин** улуу сүрөткер Чынгыз Айтматов жараткан романдардын -“Кылым карытар бир күндүн”, “Кыяматтын”, “Кассандра тамгасы”, “Тоолор кулаганданын”- негизги тексттери, ошондой эле залкар калемгердин адабий-теориялык көз караштары, аксиологиялык аспекттеги ой-пикирлери түз чагылтылган макалаларынын, интервьюларынын, маектеринин тексттери түзүшөт. Биз ушул материалдарга изилдөө объектиси катары таянуу менен өз изилдөөбүздүн максатын жана милдетин ырааттуу түрдө ишке ашырабыз. **Негизги предметин** залкар калемгерибиз Ч.Айтматовдун романдарынын

аксиологоиялык мазмуну, ал романдарда ачылып берилген автордун жана ал түзгөн кейипкерлердин тутунган ченемдеринин, карманган дөөлөттөрүнүн жана идеалдарынын татаал карым-катнашы, романдарда турмуштук багыттардын, бүтүндөй бир аксиологиялык комплекстердин татаал айкалышуусу жана чырмалышуусу көрсөтүлгөнү түзүп турат.

**Экинчи параграфта** Ч.Айтматовдун романдарын дөөлөттүк изилдөөнүн методологиясы жөнүндө сөз болот. Бул үчүн аксиологиянын мүмкүнчүлүктөрүнө да, Ч.Айтматовдун романдарынын идеялык-мазмундук бөтөнчөлүктөрүнө да кеңири токтолобуз. Ч.Айтматовдун романдарын изилдөө үчүн төмөнкү негизги талдоочулук усулдарды айкалыштыруу методологиялык таяныч болуп саналат:

1. Проблемалык-тематикалык (залкар жазуучу жараткан романдардын проблематикасы менен тематикасын анын дүйнө таанымынын өзгөчөлүктөрү менен байланышта изилдөө);

2. Генеалогиялык (автордун романдарынын образдуулугунун, жазуучунун эстетикалык жана философиялык ой толгоолорунун башаттарын изилдөө);

3. Тарыхый-адабий (жазуучунун романдарын анын чыгармачылыгынын жана тарыхый процесстин контекстинде изилдөө).

**Үчүнчү параграфта** Ч.Айтматовдун романдарынын көркөмдүк-аксиологиялык мазмуну жөнүндө кеп кылабыз. Залкар сүрөткердин жогоруда аталган романдарында автордун таанымдык, эстетикалык жана адеп ахлактык дөөлөттөрү таасын чагылтылат. Биз ал романдарды көркөм-адабий ачылыштар катары карай алабыз, буга романдардын мазмунунда түбөлүктүү адамзаттык дөөлөттөр мисалы, **Акыйкаттык, Жакшылык, Сулуулук** дөөлөттөрү басымдуу камтылганы негиз болуп берет. Аталган дөөлөттөргө түздөн-түз байланышта каралган башка турмуштук-материалдык, руханий-адептик дөөлөттөр-алсак, үй-бүлө, сүйүү, эмгек, ишеним, абийир, уят, ар-намыс тууралуу кеңири сөз болот.

**Иштин үчүнчү бабы «Ч.Айтматовдун романдарын дөөлөттүк изилдөөнүн натыйжалары»** деп аталып, бул жерде жалпы изилдөө боюнча чыгарылган натыйжалар талдоодон өткөрүлдү. Биз мында изилдөөдө өзүбүз эмне жаңы иш жасаганыбызды көрсөтүүгө көңүл бурдук.

**Биринчи параграфта** Ч.Айтматовдун романдарын дөөлөттүк изилдөөнүн илимий-теориялык негиздерин талдоонун натыйжалары чыгарылды. Жогоруда аталган романдарды дөөлөттүк негизде изилдөөгө алуу үчүн философиянын бир тармагы болгон аксиологиянын илимий-теориялык жоболору, чыгыштын аксиологиялык акыл-оюу, кыргыз элинин аксиологиялык таанымы, кыргыз жазуучуларынын жана адабиятчыларынын көркөм чыгармачылыкка карата аксиологиялык өңүттөгү көз караштары ж.б. олуттуу теориялык-методологиялык өбөлгөлөр болуп бере алышат.

**Экинчи параграфта** болсо, Ч.Айтматовдун романдарын дөөлөттүк изилдөөнүн объектисин, предметин жана методологиясын илимий иликтөөнүн натыйжалары чыгарылды.

**Корутундуларга токтолсок,** Кыргыздын залкар сүрөткери Чыңгыз Айтматовдун романдарынын көркөм аксиологиясын, б.а, анын романдарында

камтылган автордук дөөлөттөр тутумун, ошол өздүк дөөлөттүн жазуучу өз кейипкерлерине кандайча өткөргөнүн, ал түзгөн каармандардын дүйнөгө, турмушка карата дөөлөттүк көз караштарынын автордуку менен дал келүүсүн изилдөөнүн жыйынтыктарын чыгара келип, төмөнкүдөй тыянакты жасоого болот:

Улуу жазуучу Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы жалпы эле адабият таануу илиминде, ошондой эле социалдык-гуманитардык илимдерде, алсак, тил илиминде, педагогика илиминде, философия илиминде зор кызыгуу туудуруп, нечендеген илимий изилдөөлөрдүн объектисине жана предметине айлантылган. Биз диссертациянын объектисине жатуучу романдардын, ошондой эле жазуучунун адабий-теориялык көз караштары ачык берилген макала маектеринин дөөлөттүк мазмунга ээ экенин аныктадык. Мунун өзү диссертациянын предметин түзүүчү проблемаларды-романдардын көркөмдүк-аксиологиялык мазмунун, романдарда ачылган автордун жана ал түзгөн кейипкерлердин карманган дөөлөттөрүнүн жана идеалдарынын татаал карым-катнашын, романдарда турмуштук багыттардын, нарк-дөөлөттөрдүн барк-баасынын төмөндөө жана алардын кайра баалануу процесстеринин чагылуусун, ошондой эле алардагы бүтүндөй бир аксиологоиялык комплекстердин татаал айкалуушусун жана чырмалуушусун ишеничтүү көрсөтүүгө өбөлгө түздү. Мындан сырткары биз өз изилдөөлөрүн аксиологиялык аспектте жүргүзгөн орус адабиятчыларынын, ошондой эле белгилүү чет элдик жана кыргызстандык Айтматов таануучулардын эмгектерин зарыл теориялык-методологиялык таяныч катары пайдаландык.

**Аман кызы Б:** Анда изденүүчүгө диссертациянын мазмуну боюнча суроолоруңуздар болсо берсеңиздер. Суроо-жоопко өтөлүк. Биринчи мен баштап суроо берейин. Менде мындай суроо бар.

**Аман кызы Б**: **1.** Аксиология дегенди кандай түшүнөсүң?

**2.** Ч.Айтматовдун башка жазуучулардан эмне айырмачылыгы, кандай өзгөчөлүктөрү бар?

**Ысакбаева З.Т:** Рахмат. Аксиология-бул баалуулук жөнүндөгү илим. 1989-жылы басылган философиялык сөздүктө аксиология-бул баалуулуктардын табияты жөнүндө, алардын реалдуулуктагы орду жана баалуулуктук дуйнөнүн түзүлүшү жөнүндө айтылган. Негизи биздин изилдөөбүздө Россиянын мамлекеттик китепканасындагы диссертациялардын электрондук каталогу боюнча издөө жүргүзүп көрдүк. 1998-жылдан 2004-жылга чейин табылган тематикасында аксиология түшүнүгү катышкан 37 диссертациянын ичинен 23 эмгек педагогикалык илимге, 7 диссертация философиялык илимге, 4 эмгек филологиялык илимге тиешелүү болуп чыкты. Мен аксиология дегенди адамдын жашоосуна, ишмердигине багыт берүүчү негиз катары изилдөөчү философиялык дисциплина деп түшүнөм.

**Экинчи суроонуз боюнча айтсам**, залкар жазуучу Ч.Айтматовдун башкалардан айырмаланган өзгөчөлүгү анын планетасынын чексиздиги. Айтматовдун чыгармаларында бардык тема камтылган. Ал эч кимди мактап

жазган эмес, бир дагы тарыхый инсан жөнүндө жазган эмес. Ал карапайым элдин ичинде болуп жаткан окуяларды чыгармаларында көрсөткөн. Айтматов ааламын түзө алган билингвист жазуучу. Айтматовдун өзгөчөлүгү мына ушунда.

**Сатылган кызы Гүлнура**: «Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда» романдарынын кайсы жеринде аксиология бар.

**Ысакбаева З.Т:** "Кассандра тамгасында" Акыйкаттыктын наадандык менен тепселиши тартылат. Биолог окумуштуу, кийин космос монахы болуп калган Филофей жашоону каалабаган, жарыкка келүүнү каалабаган түйүлдүктү аныктоочу тапкыч нурларды ачат. Бул ачылыш туура пайдаланылса, адамзат тукумунун тазаруусуна, оңолуусуна зор өбөлгө болуучу мааниге ээ. Бирок анын Рим папасына жазган каты жерде аябай чоң ызы-чууну жаратат. Ал ачкан акыйкаттык эч кимге жакпайт.

**"Тоолор кулаганда"** романына келсек, биздин күндөрдүн чындыгы берилет. Азыр көпчүлүк жалаң гана өз керектөөсүн канааттандыруу сезими менен жашап калбадыбы. Мындай сезимден маданият ишмерлери - Эрташ Курчал менен Айдана да, карапайым Саксан менен Таштан да куру эмес. Алардын баары акча табуу үчүн миң алакетке түшүшөт. Алдамчылыкка, уурулукка да, каракчылыкка да даяр турушат. Бирок акыры акыйкаттык жеңет. Романда сүйүү менен жек көрүү да орун алган. Ч.Айтматов өзүнүн бардык романдарында Акыйкаттык дөөлөтүн эң башкы орунга коет. Анын романдарынын башкы каармандары өз жашоолорунда дайыма акыйкаттыкты туу тутушат.

**Чоробаева Н.А**: Баалуулук менен аксиологиянын кандай айырмасы бар?

**Исакбаева З.Т:**Аксиология бул баалуулук жөнүндөгү окуу. Аксиологияны биз илимий термин катары алдык.

**Аман кызы Б**: Анда суроолор жок болсо жарыш сөзгө орун берели.

**Койчуманова Н:** Мен иш менен таанышып чыктым, иштин мазмунунда кайталоолор учурайт, теориялык материалдар көбүрөөк. Бирок Чыңгыз Айтматовдун романдарындагы көркөм аксиологияны изилдөө жалпы эле Айтматов салаасына кошулган чоң салым болуп саналат. Диссертацияда түзүлгөн коргоого коюлуучу жоболор, тыянактар жана практикалык сунуштар терең илимий негиздүү, ишеничтүү, логикалуу болуп саналат. Изилдөөнүн методологиясын диссертант абдан ынанымдуу бере алган. Изилдөөнүн методологиясын туура уюштуруу иштин алдына коюлган максатын жана милдеттерин ийгиликтүү орундатууга өбөлгө түзөт. Диссертанттын өзүнө ишенимдүү сүйлөгөнү да мени кубандырды. Алдыдагы коргоо ишине ийгилик каалайм.

**Жаңыбаева М.А:** Диссертациянын темасы актуалдуу экенин белгилөөгө болот, себеби Ч.Айтматовдун романдарын аксиологиялык аспектте изилдөөнү буга чейин эч ким жасай элек болчу. Бул диссертация Айтматов таануу илимине олуттуу салым катары каралууга толук акылуу. Диссертациянын мазмунунда айрым кайталоолор бар, теориялык материалдарга чоң басым жасалган. Бирок булар анын мазмунуна зыян келтирбейт. Диссертантка ийгилик каалайм.

**Н.Чоробаева:** Темаң абдан чоң тема. Илимий жетекчиң менен көз карашың, теманы иликтөө ыкмасында окшоштук жактарың бар экендигин байкап

турам. Келечекте ар бир романдын өзүнчө көркөм аксиологиясын изилдеп чыкса болот. Илимий ишинде жазуучунун романдарына деталдуу анализ берилиптир. Бул келечекте Каныбек Иманалиев айткандай, “Айтматовиада” деген жаңы багытка кирсин. Жакшы тема тандап алыпсың. Ийгилик каалайм.
**Б.Аман кызы:** Ч.Айтматовдун бирден бир жазуучу экендигин бүгүнкү күн, жашоо турмуш өзү далилдеп жатат. Кайсы бир өлкөдө Ч.Айтматовдун бир фильминин бет ачары болуп жатканда, Айтматовдун өзүнүн айткан бир сөзү бар экен: “Биз кыргыз эли чакан мамлекетпиз,дүйнө жүзүн ушундай жол менен багындырышыбыз керек экен”-дейт. Чындыгында ошондо да туура айтты. Жазуучунун чыгармаларынын негизинде кинофильмдер тартылып жатат. Ырлар жазылып жатат. Жазуучу мамлекетибиздин ар тараптуу өнүгүшүнө жол чаaптыр. Диссертациялык иштин актуалдуулугу буга чейин 1960-жылдары монография менен башталып изилдене баштаптыр. Жарым кылымдан ашса дагы чыгарманын айланасындагы изилдөөлөр дагы бүтө элек. Демек бул филология илиминде дагы көп убакытка чейин ар тараптуу изилденүүчү байлыкты тартуулаптыр. Кайсы бир бүгүнкү күнгө чейин корголгон докторлук иштерде жазуучуңун котормодогу өзгөчөлүктөрү, чыгармадагы ырым-жырымдар, экология маселеси, жанрдык өзгөчөлүгү сыяктуу маселелер козголгон. Бирок ушул чыгармалардын аксиологиялык багытта изилдөө жүргүзүлбөй келгендигин диссертациялык иштин мындай багытта жүргүзүлгөндүгү эң алгачкылардан болуп эсептелет. Бул иштин барктуулугун арттырат. Ийгилик каалайм! Айрым кемчиликтердин орун алгандыгын кездештирдим. Мисалы: кээ бир жерлерде тафтологияга жол берилген. Эми алдыда илимий ишиң көп электен өткөндө айрым кемчиликтери оңдоп түзөлөт. Илимий ишиң илимде өзүнүн ордун таабуучу иштердин катарына кирсин!

**З.Исакбаева:** Урматтуу бүгүнкү отурумдун катышуучулары! Бардыгыңыздарга биздин диссертациянын кол жазмасын талкуулоого активдүү катышканыңыздар үчүн ыраазычылык билдирем. Отурумда айтылган сиздердин сунуштарыңыздарды сөзсүз эске алып, оңдоого аракет кылам.

**Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын отуруму**

**ТОКТОМ КЫЛДЫ:**

1. Ысакбаева Зинат Турдубековнанын «Ч.Айтматовдун романдарындагы көркөм аксиология» аттуу 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасы Д 10.18.575 диссертациялык кеңешинде коргоого сунушталсын.

**Отурумдун төрайымы п.и.к., доцент:** **Б.Аман кызы**

**Отурумдун катчысы п.и.к:** **Жусуева Б.**